УДК 408

З. ИСМАИЛОВА
E.mail. ksucta@elcat.kg

# ЭМОЦИЯ ЖАНА ТИЛ

*Бул макалада эмоциянын чагылдырылышы тил байлыгы менен аныкталаары каралган.*

*Выражение эмоции является языковой ценностью и ее мы рассмотрели в данной статье рассмотрен.*

*Expression of emotion is language value, and in this article we consider this problem.*

Эмоциялар дайыма адамды коштоп жүрөт жана жашообуздун бирден-бир маанилүү бөлүгү болуп саналат. Эмоцияларды тил аркылуу чагылдырууну аныктоо төмөндөгүдөй жолдордун негизинде болот: психологиялык (психология белгилеген сезимдердин топтомунан- аларды тил аркылуу билдирүү жолу), интуитивдик (адам өз сезимдерин туюп кабылдоодон- аларды тил аркылуу чагылдыруу жолу), философиялык-этикалык, көркөм-эстетикалык ж.б.

Эмотивдик лексиканын өзгөчөлүгү- тил каражаттарынын бай жана көп түрдүү болгондугу менен айырмаланат. Мындай тилдик каражаттар тийиштүү лексиканы-фразеологиялык, синтаксистик конструкцияларды, өзгөчө интонацияны, сөз ыраатын камтыйт. Ошону менен бирге эмоцияларды чагылдырган лексикалык бирдиктердин ичине семантикасы боюнча жакын болгон, бирок, грамматикалык өзгөчөлүктөрү боюнча айырмаланган ар кандай (зат атооч, этиш, сын атооч, тактооч, сырдык сөздөр) сыяктуу сөз түркүмдөрү кирет. Бул сөздөрдүн грамматикалык жактан ар түрдүүлүгү алардын тексттеги ордун аныктайт. Ошондуктан сезимдерди ар түрдүү грамматикалык категориялар аркылуу берүүдөгү өзгөчөлүгүн өзүнчө иликтөөнүн мааниси чоң.

Тилдеги эмоцияны билдирген тилдик каражаттарды изилдөө маселесинде И.Г.Торсуева тилдеги эмоцияларды көрсөтүүчү тилдик каражаттардын бир түзүмгө келе электигин белгилесе, В.Н.Гридин болсо бул маселеге кайрылгандар анын маанилүүлүгүн жана актуалдуулугун айткандары менен акыркы мезгилде бул тема боюнча бир дагы көлөмдүү монографиячыкпаганын белгилеген .

Ошону менен бирге экспресивдүү эмотивдүүлүк маселесине арналган Н.А.Лукьянованын (1986) жана В.И.Шаховскийдин (1987) монографияларын белгилейбиз. Адамдын эмоциялары жана алардын тил аркылуу берилиши илимий изилдөөнүн негизи болуп келүүдө. Алсак, психология, физиология, социология, философия, этика, медицина, лингвистика, адабият таануу илимдеринде изилдөөлөр жүргүзүлүүдө. Адамдын сана тартып эмоцияларга дуушар болгон абалын илимий изилдөөлөрдө психикалык болмуш, психикалык абал, эмоцияналдуу ишмердүүлүк, адамдын ички дүйнөсүнүн абалы деген атоолор менен белгилеп келишүүдө.

Эмоция менен сезимдерди дүйнөнү кабылдоонун жана көрсөтүүнүн эки башка иерархиялык формасы катары карашкан. «Эмоциялар менен сезимдер чындыкты көрсөтүүнүн эмоционалдык чөйрөсүнүн өнүгүшүнүн ар түрдүү баскычы болуп саналат». «Эмоциялар жана сезимдер бири-бири менен тыгыз байланышта болуп, дайыма эле дифференцияланбайт, так чектери аныкталбайт». Жогорудагыларды эске алуу менен бирге атоолорду бирдейлештирүү максатында биз «эмоциялар» жана «сезимдерди» адамдын психикалык абалын жана сезимдерин аныктаган эквивалент белги катары колдонобуз. Эмоция аркылуу адам өзүн ойлонгон, сезген жана материалдык жандуу дене катары көрсөтөт. Эмоционалдуу жана рационалдуу, эмоционалдуу жана физиологиялык туюмдардын чыныгы турмушта ажыратуу тажрыйбасына күбө болобуз.

Эмоциялар объективдүү чындыкты көрсөтүү, таануу жана баалоо формаларынын бири болуп эсептелет деген аныктама эң алгач психолог жана философтор тарабынан белгиленген. Эмоциялар- чындыкты таануунун жана көрсөтүүнүн өзгөчө бир формасы, анткени адам бул жерде таанунун объекти жана субъекти болуп эсептелет, башкача айтканда эмоцияларды адамдын ишмердүүлүгүнүн негиздеринде камтылган муктаждыктарына байланыштуу болот. В.И.Галуновдун пикири боюнча, “сүйлөөнүн эмоционалдык варианттуулугуна талдоо жүргүзгүн изилдөөчүлүргө эмоциялардын канаттандырарлык теориясынын жоктугу принципиалдуу кыйынчылыктардын бири болуп эсептелет .

Дагы бир кыйынчылык- ар кандай негиздерде аткарылган эмоциялардын классификациясынын ар түрдүүлүгү. Эмоциялардын ар түрдүү классификациясы тууралуу психологдор ар башкача түшүндүрөт.Алибетте, эмоциялардын универсалдуу классификациясын түзүү мүмкүн эмес. Бир маселени чечүүгө кудурети жеткен классификация андан өтө айырмаланган көйгөйдү чечүүгө жарабайт. Эмоциянын курамында базалык жана перифериялык компоненттер бар.

В.И. Шаховский туура белгилегендей, кеп моделдерине лингвистикалык илик жүргүзүүдө эмоциялык боёкторго бай, аралаш тондорго ээ жана жыш учураган фундаменталдык эмоциялар менен чектелүү жетиштүү. Эмоциялар дүйнөсү менен анын тилдик моделинин ортосунда дал келүү жок.

Белгилүү тилчи Н.А.Красавский даана белгилегендей, эмоцияларды базистик жана перифериялык деп бөлүштүргөн психологиялык классификация оң лингвистикалык верификацига ээ. Психология менен психоанализде алгачкы (социалдашпаган) эмоциялар базистик деп эсептелет. Генетикалык жактан алганда базистик эмоциялар (коркунуч, кубаныч, каар, кайгы) башкаларынан мурун жаралган. Базистик эмоцияларды атоо милдетин доминантта статусу бар номинациялар аткарат. Көрүнүктүүү америкалык психолог жана философ К.Э. Изард “Адам эмоциясы” жана бай материалдарды, концепцияларды жалпылаган “Эмоция психологиясы” аттуу фундаменталдуу эмгегинде базалык (дискреттик) эмоцияларды субъективдүү, эмпириялык, теориялык жана эксперименталдык методдор аркылуу ар тараптан иликтеп, өзүнүн эмоциялардын дифференциялык теориясын иштеп чыккан.

Эмоция көйгөйлөрүн илимий-философиялык жактан иликтөө башталгандан берки илимпоздорду эки топко бөлүүгө болот. Биринчи топтогулардын (интеллектуалисттер) жыйынтыктары төмөнкүдөй: психикалык кубулуштардын аңызында жаралган эмоциялар – элестердин ортосундагы көпүрөлөр, эмоциялар - элестердин карама-каршылыктарынан улам жаралган психикалык бузулуулар, алар ар кыл вегетациялык өзгөрүүлөргө алып келүүгө даяр.

Экинчи топтогулар (сенсуалисттер) органикалык реакциялар бул же тигил психикалык кубулушка түздөн-түз таасир этет, эмоциялардын булагы вегетациялык нерв системаларына барып такалат деген ойду тутунушат. Эмоциялардын жаралуу, калыптануу процесстерин жана алардын маңызын чечмелеген теориялар жөнүндө азыноолак сөз кылбасак, көркөм чыгармадагы эмотивдик лексиканын, эмоцияны чагылдырган каражаттардын мыйзам ченемдүүлүктөрүн ачуу илимий-методологиялык жактан аксап каларына шек жок.

Ч.Дарвин өзүнүн “Эмоциялардын адамда жана айбанаттарда берилиши” аттуу эмгегинде эмоциялардын эволюциялык өнүгүүсүн жана алардын физиологиялык көрүнүштөрүнүн жаралышын далилдеген. Ошондой эле бул жаатта адамдар менен айбанаттардын ортосунда окшоштуктар жана айрымачылыктар бар экендигин, нерв системасы эмоциялардын көрүнүшүнө түз таасир этерин жана кээ бир эмоциялар түрдүү маданий чөйрөдө бирдей чагылдырыларын илимий жактан аныктап, **эмоциялардын эволюциялык теориясын** жараткан.

В. Вундт өзүнүн **эмоциялардын “ассоциялык” теориясын** “Основы физиологической психологии: Чувства и аффекты” аттуу эмгегинде чагылдырып,

эмоциялардын жаралуусу боюнча эки ача оюн айткан: а) элестер - сезимдерди жаратууга кудуреттүү көрүнүштөр; б) эмоциялар - сезимдердин элестерге таасир берүүчү ички өзгөрүүлөрү.

У.Жемс "Психология" аттуу эмгегинде эмоциялар белгилүү бир физиологиялык реакциялар менен тыгыз байланыштуу деген идеяны уланткан. Г.Ланге "Эмоции: Психологический этюд" (1896) аттуу эмгегинде жогорку ойлорго толук кошуларын жазган. Ошентип, эмоциялардын жаралышын *"козгогуч > физиологиялык өзгөрүүлөрдүн жаралышы > булар жөнүндө мээге кабар берилиши > эмоция"* турпатындагы **Жемс – Ланге периферялык теориясы** калыптанган.

Ушуга уңгулаш ойлор Г. Мюнстерберг жана Ж. Уотсон өңдүү илимпоздор тарабынан айтылган. Э Клапаред эмоциянын классикалык теориясын - *"кабыл алуу > эмоция > эмоцияны баштан кечирүү > органикалык реакциялар"* - периферялык теория менен жалгаштырууга аракет жасаган.

У. Кеннон теориясын (1927) *"козгогуч > таламустун дүүлүгүшү > эмоция > физиологиялык өзгөрүүлөр"* иретинде сыпаттаса, П.Барда (1934) эмоциялар жана физиологиялык өзгөрүүлөр козгогучтун таасиринен улам бир мезгилде жаралат деген оюн айткан. Эки илимпоздун көз караштары **Кеннон – Бард теориясын** түптөгөн.

З.Фрейд, Д.Рапапорт жана аларга пикирлеш илимпоздор тарабынан **эмоциялардын психоаналитикалык теориясы** өнүккөн. Алардын ою боюнча, сырттан келип түшкөн перцепциялык образ бейаң процессти жаратат жана анын учурунда адам тарабынан байкалбаган инстинкт энергия мобилизацияланат. Бул теорияны колдоочулар кайчылаш кызыкчылыктардан жаралган терс эмоцияларды гана иликтешип, аффект дүрмөт, жануу жана биротоло жануу сыяктуу 3 бөлүктөн турат деп болжошкон. Бул теориялык жоболор азыркыга чейин сындалып келет.

И.Уэйнбаум бет булчуңдары менен мээдеги кан айлануунун өз ара тыгыз байланышын байкап, бет булчуңдары кан айланууну тескейт, күрөө жана көк кан тамырларга каршы туруп, кан айлануу тездеткенде, мээде субъективдүү толкундоолор алмашып турат деген жыйынтыкка келип, **эмоциялардын чагылдырылышынын кан тамырлык теориясын** негиздеген. Кийин Р.Зайонц бет булчуңдары көк кан тамырды гана тескейт жана алардан кеткен сигналдар ар түрдүү эмоциялык абалдарга дуушар кылат деген ойду көтөрүп чыгып, бир жагынан, жогорку теорияны жарым-жартылай колдогон, экинчи жагынан, Жемс - Лангенин теориясын жаңыртууга аракеттенген.

П.К.Анохиндин **эмоциялардын биологиялык теориясынын** жобосу боюнча, эмоциялар - эволюциянын биологиялык натыйжасы, айбанаттардын турмуш-тиричилигиндеги ыңгайлантуучу фактор. Муктаждыктар терс эмоциялардын жаралуусун шарттаса, кезинде терс эмоциялар мобилизациялоочу кудуретке ээ болуп, муктаждыктарды оптималдуу жол менен канааттандырууга жетишет. Муктаждыктр канааттандырылгандан кийин гана оң эмоциялар пайда болот.

Ж.Дьюи (1895), Э. Клапареда (1928), Л.Фестингер (1962) сыяктуу илимпоздор тарабынан **эмоциялардын фрустрациялык теориясы** түптөлдү. Ж.Дьюинин ою боюнча, инстинкттик аракеттер тоскоолдукка учурганда гана эмоция жаралат, башкача айтканда, адам жаңы жагдайга ыңгайлашуу маалында бул же тигил эмоцияны башынан кечирет.

Э. Клапареда ыңгайлашуу оордогоно гана эмоция пайда болот, эгерде ал процесс тоскоолдуксуз өтсө, эч кандай эмоция жаралбайт деген көз карашты тутунган. Кийинки мезгилде Л.Фестингер когнитивдик диссонанс теориясын негиздүү иштеп чыгууга жетишти. Бул теорияга ылайык күтүлгөн жана чыныгы жыйынтыктын ортосунда айрыма болсо (когнитивдик диссонанс), терс эмоция, ал

эми алар дал келишсе (когнитивдик консонанс), оң эмоция жаралат. Көп жагынан эксперименттик иликтөөлөр бул теориянын жоболорук далилдесе да, диссонанс деле оң эмоцияларды жараларын тастыктаган фактылар бар.

Когнитивдик психологиянын өнүгүшү менен эмоциялар когнитивдик процесстердин аңызында гана жараларын далилдөөгө аракеттенген **эмоциялардын когнитивдик теориялары** өрүш алды. Биринчиден, эмоцияларды тышкы таасирлер өз алдынча жаратпайт, анын жаралышына ириде адамдын ага болгон мамилеси негиз катары кызмат кылгандыктан, бир эле окуяга ар түрдүү эмоция жаралышы мүмкүн. Кыскасы, эмоция - бул же тигил окуяга же кырдаалга жараша жаралган реакция. Экинчиден, адам тарабынан берилген баалар салыштырмалуу келет.

Когнитивдик теориянын алкагында бири-биринен бир аз болсо да айрымаланган эки теория жанаша турат. С. Шехтер тарабынан негизделген *эмоциялардын когнитивдик-физиологиялыктеориясынын* (1964) жобосу боюнча эмоциялык абалды шарттаган висцералдык реакциялар эмоциялык реакциялардын интенсивдүүлүгүн аныктаганы менен, алардын модалдуулугуна көп таасир эте албайт, бул же тигил кырдаал адамдын психикасын козгоп, анын маанисин баалоону талап кылат, баалоодо адамдын тажрыйбасынын ролу да бар.

Ошентип, эмоцияларды белгилүү процесстери да бир кыйла татаал жана бирдей эмес. Б.И.Кодоновдун байкоосунда ар түрдүү санааны белгилеп берүү үчүн бир эле сөздү колдонот экенбиз, демек, эмоциялардын мүнөзүн контексттен гана аныктоого болот. Ошол эле убакта бир эле эмоция ар кандай сөздөр аркылуу белгиленет экен. Ошентип, эмоциялардын психологиялык теориясынын татаал жана чечилбеген маселелерин эске алуу менен лингвист эң алгач эмоцияларды белгилүү жана алардын аткаруу механизмдерин изилдөөгө милдеттүү, анткени, лингвист үчүн сезимдер тил каражаттары аркылуу берилген учурда гана мааниге ээ болот.

XIX кылымдын башында В.фон Гумбольдт: “Адамдын тили анын ишмердүүлүгү сыяктуу эле сезимдерге толгон”,-деп айткан. Учурда лингвистика кайрадан В.фон Гумбольд сунуштаган-тилди адам менен тыгыз байланышта изилдөө жолуна кайрылууда. Антропологиялык линвистиканын да өсүшү байкалууда.

В.И.Постовалованын ою боюнча, бул «дүйнөнүн тил аркылуу сүрөттөлүшүн калыптандыруу жана тил шаймандарын жаратуу. Тил аркылуу көрсөтүлгөн болмуштун дүйнөсүнүн аспекттерине жана көлөмүнө жараша дүйнөнүн глобалдык сүрөтү,универсуму (толук жана бүтүн дүйнө) дүйнөнүн локалдык сүрөтү болуп бөлүнөт тагыраак айтканда, бул ишибиздин негизи адамдардын эмоцияларынын сүрөтүн изилдөөгө арналмакчы.

Адам баласы: кубануу, кайгыруу, сүйүү, капалануу сыяктуу сезимдерге дуушар болот жана боло бермекчи. Ушуга байланыштуу психологдор эмоциялардын универсалдуулугу жөнүндө айтып келишет.

Ошентип, адамзаттын эмоционалдык тажрыйбасында универсалдык эмоциялардын алдынкы топтомун эске алуу менен лексикалык семантикада универсалдык эмотивдик маанилердин аныктыгы мүмкүн экендигин айта кетүү керек. Бул жагдай семантикалык чагылдыруу менен шартталат, анткени эмоцияларды таануудагы адамзаттын тажрыйбасы, дүйнөнүн башка фрагментиндей эле, тилдин бирдиктеринде сакталат. Универсалдык эмоциялардын ар кандай белгилери бар: доминанттык эмоциялар (Болотов, 1981), негизги эмоциялар (Вилюнас, 1987), эмоционалдуу тон (Луньянова, 1986), алдынкы эмоциялар, базалык эмоциялар жана башка.

Эмоциялар-универсалдуу, ал эми «эмоционалдык лексиканын типологиялык структурасы башка тилдерге төп келбейт жана улуттук өзгөчөлүккө ээ болот, анткени эмоцияларды көрсөтүү ар бир тилде ар башкача жүргүзүлөт.

## Адабияттардын тизмеси


1. Додонов В.И. Классификация эмоции при исследовании и эмоциональной направленности личности [Текст] / В.И.Додонов // Вопросы психологии. – М.: 1975. - №6.
2. Изард К.Э. Психология эмоций [Текст] / К.Э.Изард // Перев. с англ. - СП б.: Питер, 1999. - 464 с.
3. Красовский Н.А. Эмоциональные концепты в немецкой и русской лингвокультурах: [Текст] / Н.А.Красовский // Монография. - М.: Гнозис, 2008. - 374 с.
4. Шаховский В.И. Категоризация эмоций в лексика-семантической системе языка, [Текст] / В.И.Шаховский. – Воронеж: 1987. - 193 с.
5. Вольор Е.М. Функциональная семантика оценки [Текст] / Е.М. Вольор. - М.: 1985.
6. Леонтьев А.А. Психологическая структура значение // семантическая структура-слова [Текст] / А.А.Леонтьев. - М.: Наука, 1971.
7. Телия В.Н. Семантика связанных значений слов и их сочетаемости [Текст] / В.Н. Телия. - М.: Наука, 1976.
8. Шингаров Г.Х. Эмоции и чувство как формы отражения действительности [Текст] / Г.Х.Шингарев. - М.: 1971. – 224 с.
9. Шаховский В.И. Категоризация эмоций в лексико-семантической системы языка [Текст] Воронеж., 1987. 89-90 с.
10. Уильям Джемс, Психология, СПб, 1911 г., 407 с.
11. Вундт В. “Основы физиологической психологии: Чувства и аффекты”. СПб., 1880. 280 с.